УДК 334.722.1. (575.2)
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2020-1-63-68

**Рахатбекова Перизат Рахатбековна**
Кыргыз-Түрк "Манас" Университети, Менеджмент бөлүмү, магистрант
**Рахатбекова Перизат Рахатбековна**
Магистрант отделения менеджмент, Кыргызско-Турецкий университет Манас
**Rakhatbekova Perizat Rakhatbekovna**
Master of Management, Kyrgyz-Turkish Manas University

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КАЛКТЫН ИШКЕР ЖАНА ИШКЕРДҮҮЛҮККӨ КАРАТА МАМИЛЕСИ: БИШКЕК ШААРЫНЫН МИСАЛЫНДА

# ВОСПРИЯТИЕ И ОТНОШЕНИЕ К ПРЕДПРИНИМАТЕЛЯМ И ПРЕДПРИНИМАТЕЛЬСТВУ: НА ПРИМЕРЕ ГОРОДА БИШКЕК

# RESIDENTS PERCEPTIONS AND ATTITUDES TOWARD ENTREPRENEURS AND ENTREPRENEURSHIP. BISHKEK CASE

**Аннотация:** Жалпы коомдун өнүгүшүн жана жарандардын жашоо сапатынын жогорулоосуна шарт түзө алган ишкердүүлүк илимий жактан көпчүлүктү кызыктырган актуалдуу темалардын бири. Мындан улам бул жаатта эл аралык жана жергиликтүү илимпоз жана изилдөөчүлөр тарабынан теориялык жана эмпирикалык эмгектер жасалып келет. Бул жердеги кызыгуу жараткан нерсе – ишкерлердин коомдогу аткарган ишмердиги, функциялары дээрлик бардык коомдордо салыштырмалуу бирдей болсо дагы, алардын жергиликтүү калк тарабынан кабыл алынуусу жана аларга карата мамилеси бирдей эмес болушу мүмкүн. Ошол себептен "Жергиликтүү калктын ишкер жана ишкердүүлүктү кабыл алуусу жана аларга карата мамилеси" аттуу тема кызыктуу жана актуалдуу илимий темалардын бири болуп саналат.

Изилдөөлөр көрсөткөндөй өнүккөн, өнүгүп келе жаткан жана аз өнүккөн коомдордо ишкер жана ишкерлерге карата мамилесинде жана аларды кабыл алуу деңгээлинде айырмачылык байкалат. Ал эми Кыргызстан сыяктуу жетимиш жылдан ашык пландык экономика шарттарында иш алып барган, 25 жылдан ашык гана рыноктук экономика тажрыйбасына ээ өлкөдөгү жергиликтүү коомчулуктун ишкерлер категориясына жана жалпы ишкердүүлүккө карата мамилесин изилдөө - бул макаланын негизги максаты болуп саналат.

**Аннотация:** Предпринимательство которая может способствовать развитию общества и повышению качество жизни граждан, является одной из важнейших научных тем. В связи с этим на эту тему проводятся многие теоретические и эмпирические исследования международными и местными учеными и исследователями. Здесь интересно то, что, хотя деятельность и функции предпринимателей почти во всех обществах относительно одинаковы, но местные населения этих обществ могут воспринимать её по разному. Поэтому тема "Восприятие и отношение к предпринимателям и предпринимательству" является одной из интересных и актуальных научных тем.

То есть как показывают исследования есть различия в восприятии и отношении к предпринимателям и предпринимательству среди развитых, развивающихся и менее

развитых обществах. Основная цель этой магистерской диссертации является изучить восприятие и отношение местных жителей к предпринимательству и предпринимателям в такой стране как Кыргызстан, которая развивалась в условиях плановой экономики более семидесяти лет и которая имеет более 25 лет опыта в рыночной экономике.

**Annotation:** Entrepreneurship, which can contribute to the development of society as a whole and improve the quality of life of citizens, is one of the most important scientific topics. As a result, theoretical and empirical work has been published in this area by international and local scientists and researchers. What is interesting here is that although the activities and functions of entrepreneurs in society are relatively the same in almost all societies, the local population may perceive and relate to them in different ways. Therefore, the topic “Perception of entrepreneurs by society” is one of the interesting and topical scientific topics.

Studies show that there are differences in perceptions and attitudes towards entrepreneurs and entrepreneurship among developed, developing and less developed societies. The main objective of this master's thesis is to examine the perceptions and attitudes of local residents towards entrepreneurship and entrepreneurs in a country like Kyrgyzstan, which has developed in a planned economy for over seventy years and which has over 25 years of experience in a market economy.

**Ачкыч сөздөр:** Ишкер, ишкердүүлүк, коом, Кыргызстан, чакан жана орто бизнес.

**Ключевые слова:** предприниматель, предпринимательство, общество, Кыргызстан, малый и средний бизнес**.**

**Keywords:** Entrepreneurship, entrepreneurship, society, Kyrgyzstan, small and medium business.

Белгилүү болгондой, Кыргыз республикасы 1922-жылдан 1991-жылга чейин СССРдин курамында болуп пландык экономика шарттарында ишмердигин жүргүзгөн. Бул доордо ишкердүүлүк менен алектенүүгө официалдуу түрдө уруксаат берилген эмес. Ал эми официалдуу эмес түрдө алектенгендер, т.а. ишкерлердин ордун аткаруучулар коомчулуктун сый-урматына ээ боло алган эмес (Клинова, 2014). Коомчулук аларды эксплуататор, коммерсант деп эсептешип, дефицит болгон товарларды камсыз кылууну каалагандарды спекулянт, фарцовщик деп атап келишкендиги белгилүү.

Ал эми кийин коомдо саясий жактан да, экономикалык жактан да өзгөрүү болгон. Т.а. СССРдин курамы тарап, Кыргызстан эгемендүүлүктү алып акырындан рыноктук экономикага өтө баштаган. Ошондой эле калктын ой-пикиринде да өзгөрүүлөр болгондугу божомолдонот, себеби коомчулукта терс кабыл алынган ишкерлер коомдо жылуу кабыл алына баштаганы белгилүү. Коомдо жылуу кабыл алына баштаганына мисал катары төмөндөгү изилдөөлөрдү келтирсек болот: 2010-жылы UNDP Кыргызстанда жасаган изилдөө отчётунда 14-34 жаш аралыгындагы респонденттердин 61%ы ишкердүүлүккө жана ишкерлерге карата оң мамиле көрсөткөндүгү айтылган. Ал эми 2013-жылы CAFMI’нин партнёрлору тарабынан жасалган изилдөөдө чоң шаарлардын 70%ы, кичи шаарлардын 68%ы, ал эми айыл жергесинин жашоочуларынын 49 %ы ишкерлер экономикалык өсүштү камсыздап жатат,- деген оң көз-караштарды билдиришкен. Жалпылап алганда Кыргызстандагы жашоочулардын 53%ы жогорудагыдай ой-пикирде болушкан. Демек, жаңы өткөөл шарттарда ишкерлер жана ишкердүүлүккө карата коомдун мамилеси жана кабыл алуулары трансформацияга дуушар болгондугу божомолдонот. Мындан улам бул чакан изилдөөдө

Кыргызстандагы жашоочулардын ишкердүүлүк түшүнүгүн кабыл алуусу жана ишкерлерге карата мамилеси изилденет.

Өнүккөн мамлекеттердин тажрыйбаларына байкоо жүргүзгөндө, анын ийгилигинин артында ишкердүүлүк тургандыгы белгилүү болгон (İlhan, 2004:71-72, алып көрсөткөн Kahya жана İmamoğlu, 2015:145). Себеби, ишкердүүлүк - экономиканын өсүүсүнө салым кошот, ал эми экономикалык өсүү болсо социалдык өнүүгүнү камсыздай алат. Ошондой эле ишкерлер продукт жана кызматтарды өндүрүү менен бирге коомго жумуш орундарын да түзүшөт. Ушул жактан алып караганда ишкердүүлүктүн мааниси чоң (Martin ж.б., 2010:133; алып көрсөткөн Özkul жана Örün, 2016:20). Ал эми ишкерлердин көп болушу коомдун аларга болгон мамилесине жараша болот. Мисалга алсак, ишкерлер жакшы кабыл алынган коомдо, ишкердүүлүккө болгон активдүүлүк жогору деңгээлде болгондугун көрүүгө болот. Ал эми ишкерлер жакшы кабыл алынбаган коомдо ишкердүүлүккө болгон активдүүлүк төмөн болот экен (Верховская жана Дорохина, 2012:8).

**Изилдөөнүн маселелери.**

- Кыргызстанда ишкердүүлүккө карата жергиликтүү калктын мамилеси кандай?
- Кыргызстанда ишкерлер калк тарабынан кандай кабыл алынат?

**Изилдөө ыкмасы.**

Изилдөөнүн максатына жетүү үчүн биринчи даражадагы маалыматтар сурамжылоо жолу менен топтолду. Сурамжылоого Бишкек шаарында жашаган 410 респондент катышты. Респонденттерге 25 суроодон турган ишкерлердин аткарган ролу, функциясы жана аларды мүнөздөгөн белгилер тууралуу суроолор берилди. Сурамжылоонун натыйжасында топтолгон биринчи маалыматтар SPSS 16.0. (коомдук илимдер үчүн статистикалык пакет) программасына киргизилип анализ жасалды.

| | **N** | **Mean** | **SD** | **Sig.** |
|---|---|---|---|---|
| Ишкердүүлүк кийин калыптанбайт, ал тубаса берилет. | 408 | 2,130 | 1,0951 | ,000 |
| Ишкер болуу үчүн ал багытта билим алуу шарт деле эмес. | 409 | 2,6308 | 1,17704 | ,000 |
| Ишкерлер жалпы экономикалык өсүшкө салым кошушат. | 402 | 3,4328 | 1,13512 | ,000 |
| Ишкерлер коомго жаңы нерселерди (новшество) тартуулашат. | 401 | 3,4364 | 1,00079 | ,000 |
| Ишкерлер коомдун өнүгүүсүнө түрткү беришет. | 407 | 3,3563 | 1,01630 | ,000 |
| Ишкерлер өлкөдөгү экономикалык маселелерди чечишет. | 408 | 2,9289 | 1,04792 | ,171 |
| Ишкерлер өлкөдөгү социалдык көйгөйлөрдү чечишет. | 408 | 2,8260 | 1,00935 | ,001 |
| Ишкерлер кайрымдуулук иштери менен алектенишет. | 408 | 3,1400 | ,98638 | ,004 |
| Ишкерлер мамлекеттин инфраструктурасын жакшыртышат. | 409 | 3,0758 | ,99095 | ,123 |
| Ишкерлер жаңы иш орундарын түзүшөт. | 405 | 3,7580 | 1,06041 | ,000 |
| Ишкерлер ар кандай товар жана кызматтарды өндүрүшөт. | 409 | 3,6968 | ,98569 | ,000 |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ишкерлер салык төлөшөт. | 408 | 3,5221 | ,96855 | ,000 |
| Ишкерлер инновациялык иштер менен алектенишет. | 406 | 3,1921 | ,95970 | ,000 |
| Ишкерлер дайыма көп пайда табышат. | 406 | 3,1650 | ,99622 | ,001 |
| Ишкерлер айлана-чөйрөдөгү экологиялык маселелерге көңүл бурушат. | 408 | 2,5931 | ,96685 | ,000 |
| Ишкерлер коомдо авторитетке (кадыр-баркка) ээ. | 410 | 3,1171 | ,99679 | ,018 |
| Ишкерлер колунда бар адамдар жана алар бай жашашат. | 409 | 3,1394 | ,93810 | ,003 |
| Ишкерлердин зыянынан пайдасы көбүрөөк. | 409 | 3,1858 | ,98254 | ,000 |
| Жаш муун ишкерлердей болгусу келет (ишкерлерге окшош болгусу келет). | 410 | 3,3439 | ,99203 | ,000 |
| Ишкерлер алдамчылык жол менен алектенишет. | 410 | 2,6610 | ,94581 | ,000 |
| Ишкерлер эч нерсе өндүрүшпөйт, алар алып-сатарлык менен алектенишет. | 409 | 2,6773 | ,98692 | ,000 |
| Ишкерлер башкалардын эмгегин пайдалануу жолу менен байышат. | 408 | 2,9020 | 1,06090 | ,063 |
| Ишкерлер жеке өзүнүн гана баюусу үчүн иштешет. | 409 | 3,1663 | 1,06951 | ,002 |
| Ишкерлер көп учурда адеп-ахлак принциптерин бузушат. | 410 | 2,9341 | 1,03393 | ,198 |
| Ишкерлер мыйзамдуу эмес жол менен байышат. | 405 | 2,7457 | ,98855 | ,000 |

Изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, респонденттердин “Ишкердүүлүк кийин калыптанбайт, ал тубаса берилет” деген суроого макул эместигин көрсөткөн. Демек, ишкердүүлүк жөндөмүн кийин калыптандырса болот деген жоопту беришкен. Ал эми “Ишкер болуу үчүн ал багытта билим алуу шарт деле эмес” деген суроого орточо деңгээлде кошулам дегенге жакын жооп беришкендиги аныкталган. Андан кийинки “Ишкерлер жалпы экономикалык өсүшкө салым кошушат” деген суроого респонденттер орточо деңгээлде кошулам деп жооп бергендиги аныкталды. Ал эми “Ишкерлер коомго жаңы нерселерди (новшество) тартуулашат” деген суроого сурамжылоонун катышуучулары орточо деңгээлде кошулам деп билдирген. Андан кийинки суроо “Ишкерлер коомдун өнүгүүсүнө түрткү беришет” дегенге да сурамжылоонун катышуучулары орточо деңгээлде кошулам деп билдиргендиги белгилүү болду. Кийинки “Ишкерлер өлкөдөгү экономикалык маселелерди чечишет” деген суроого орточо деңгээлде кошулам деген жоопту бергендиги белгилүү болду. Ал эми “Ишкерлер өлкөдөгү социалдык көйгөйлөрдү чечишет” деген суроого респонденттер орточо деңгээлде кошулам деп жооп бергендиги аныкталды. Андан кийинки “Ишкерлер кайрымдуулук иштери менен алектенишет” деген ишкердүүлүктүн ролуна байланыштуу суроого орточо деңгээлде кошулам деген пикирге жакын көз-карашты билдиришкен. “Ишкерлер мамлекеттин инфраструктурасын жакшыртышат” деген суроого орточо деңгээлде кошулам деп жооп бергендиги белгилүү болду. “Ишкерлер жаңы иш орундарын түзүшөт” деген ишкерлердин ролуна байланыштуу суроого кошулам деген көз-карашты билдиришкен. Ал эми “Ишкерлер ар кандай товар жана кызматтарды өндүрүшөт” деген суроого кошулам деген көз-карашты билдиришкен. Андан кийинки “Ишкерлер салык төлөшөт” деген суроого кошулам дегенге жакын көз-карашты билдиришкен. “Ишкерлер

инновациялык иштер менен алектенишет” деген суроого орточо деңгээлде кошулам деп билдиришкен. “Ишкерлер дайыма көп пайда табышат” деген суроого орточо деңгээлде кошулам деп билдиришкен. “Ишкерлер айлана-чөйрөдөгү экологиялык маселелерге көңүл бурушат” деген ишкерлердин ролуна байланыштуу суроого орточо деңгээлде кошулам дегенге жакын көз-карашты билдиришкендиги белгилүү болду. “Ишкерлер коомдо авторитетке (кадыр-баркка) ээ” деген суроого орточо деңгээлде кошулам дегенге жакын жооп беришкен. Андан кийинки “Ишкерлер колунда бар адамдар жана алар бай жашашат” деген суроого ороточо деңгээлде кошулам деп билдиришкендиги белгилүү болду. “Ишкерлердин зыянынан пайдасы көбүрөөк” деген суроого орточо деңгээлде кошулам деген көз-карашты билдиргендиги белгилүү болду. “Жаш муун ишкерлердей болгусу келет (ишкерлерге окшош болгусу келет)” деген суроого дегенге орточо деңгээлде кошулам деген жоопту билдирген. “Ишкерлер алдамчылык жол менен алектенишет” деген суроого орточо деңгээлде кошулам дегенге жакын жооп беришкен. Ал эми “Ишкерлер эч нерсе өндүрүшпөйт, алар  алып-сатарлык менен алектенишет” деген суроого орточо деңгээлде кошулам дегенге жакын жооп беришкен. Кийинки “Ишкерлер башкалардын эмгегин пайдалануу жолу менен байышат” деген суроого орточо деңгээлде кошулам деп жооп беришкен. “Ишкерлер жеке өзүнүн гана баюусу үчүн иштешет” деген суроого орточо деңгээлде кошулам деген жоопту беришкен. “Ишкерлер көп учурда адеп-ахлак принциптерин бузушат” деген суроого орточо деңгээлде кошулам деген жоопту беришкен. “Ишкерлер  мыйзамдуу эмес жол менен байышат” деген суроого орточо деңгээлде кошулам деген көз-карашка жакын жооп беришкен.

**Жыйынтык жана сунуштар.** Бул макалада СССР убагындагы ишкердүүлүктүн кабыл алынышы, эгемендүүлүктү алгандан кийинки жана учурдагы ишкердүүлүктүн кабыл алынышы тууралуу жазылды. Ал эми изилдөө үчүн сурамжылоо аркылуу топтолгон респонденттердин жооптору SPSS 16.0. (коомдук илимдер үчүн статистикалык пакет) программасына киргизилип анализ жасалды. Натыйжада, Кыргызстанда ишкер жана ишкердүүлүк орто деңгээлде оң кабыл алынат деген жыйынтык алынды.

Изилдөөнүн жыйынтыгын ишкердүүлүк менен алектенүүнү каалагандар пайдаланса болот, себеби ишкердүүлүк калк арасында кандай кабыл алынаарын билүү кызыктуу жана маанилүү. Ошондой эле бул чакан изилдөөнү студенттер, окуучулар, мугалимдер жана бардык кызыккандар пайдалана алат.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Клинова, М. А., (2014). Спекуляция и фарцовка в СССР 1960–1980-х гг.: векторы современного историографического осмысления, материалы XII Всерос. науч. конф., посвящ. 90-летию заслуженного деятеля науки России, д-ра ист. наук, проф. А.В.Бакунина. Екатеринбург, 4–5 дек. 2014 г. : в 2 т. Екатеринбург, 1, 78–83.
2. Джуманов, Е. жана .Айдаралиева Г., (2013). Группа аналитиков CAFMİ: Предприниматель Кыргызстана как его воспринимают в обществе. Кыргызстан, Бишкек, 10.
3. Özkul, G., Örün, E., (2016). Girişimcilik ve İnovasyonun Ekonomik Büyüme Üzerindeki Etkisi: Ampirik Bir Araştırma. Girişimcilik ve İnovasyon Yönetimi Dergisi. Cilt:5, Sayı:2.
4. Kahya C., İmamoğlu I.K., 2015. Ekonomi Okuryazarlığının Girişimcilik Üzerindeki Rolü. İnternaional Journal of Social Science 39, 139-156).

5. Верховская, О.Р., Дорохина, М.В., (2012). Глобальный Мониторинг Предпринимательства: Национальный отчет, Россия.

**List of used literature:**

1. Klinova, M.A., (2014). Speculation and fartsovka in the USSR 1960-1980s: vectors of modern historiographic understanding, materials of the XII All-Russia. scientific. conf., dedicated. 90th anniversary of the Honored Scientist of Russia, Dr. Sciences, prof. A.V. Bakunin. Yekaterinburg, 4-5 December 2014: in 2 volumes. Yekaterinburg, 1, 78–83.
2. Dzhumanov, E. zhana. Aidaralieva G., (2013). CAFMİ analyst group: An entrepreneur of Kyrgyzstan is perceived in society. Kyrgyzstan, Bishkek, 10.
3. Özkul, G., Örün, E., (2016). Girişimcilik ve İnovasyonun Ekonomik Büyüme Üzerindeki Etkisi: Ampirik Bir Araştırma. Girişimcilik ve İnovasyon Yönetimi Dergisi. Cilt: 5, Sayı: 2.
4. Kahya C., İmamoğlu I.K., 2015. Ekonomi Okuryazarlığının Girişimcilik Üzerindeki Rolü. İnternaional Journal of Social Science 39, 139-156).
5. Verkhovskaya, O.R., Dorokhina, M.V., (2012). Global Entrepreneurship Monitoring: National Report, Russia.

**Рецензент: PhD, доц.м.а. Нажимудинова С.С.**

УДК 336.1.07
DOI 10.33514/ВК-1694-7711-2020-1-68-71

**Рашид Йылмаз**
Экономика жана башкаруу институтунун аспиранты,
Эл аралык инновациялык технологиялар университети
**Рашид Йылмаз**
Аспирант Института экономики и менеджмента,
Международный университет инновационных технологий
**Rashid Yilmaz**
Postgraduate student of the Institute of Economics and Management, International University of Innovative Technologies,

## БАЖЫ ОРГАНДАРЫНЫН ӨНҮГҮШҮНДӨ ИННОВАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАРДЫН РОЛУ

## РОЛЬ ИННОВАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ В РАЗВИТИИ ТАМОЖЕННОГО ДЕЛА

## ROLE OF INNOVATIVE TECHNOLOGIES IN THE DEVELOPMENT OF CUSTOMS CASE

**Аннотация:** Макалада бажы тармагындагы инновациялык технологиялар бажы көзөмөлүнүн техникалык каражаттарын, бажы жагынан жол-жоболоштуруу жана көзөмөлүнүн технологиясын системалуу иштеп чыгууда жана өркүндөтүүдө, товарларды бажы чек арасы аркылуу өткөрүүдө мамлекеттик көзөмөлүнүн сапатын жогорулатуу, бажы